**Б.1.3.18 Кенже окуучуларды эстетикалык тарбиялоонун теориясы жана технологиясы**

**Дисциплинаны өздөштүрүүнүн максаты:** Студенттерге көркөм өнөр чыгармаларындагы, табияттагы жана өз турмушундагы кооздукту сезе жана туя билүү сезимдерин эстетикалык кабылдоо жана түшүнүү үчүн инсандын идеалдарын жана табитин атайын максатка ылайык калыптандыруу боюнча жүргүзүлгөн таалим-тарбия иштеринин тутуму, кесиптик билимдери менен көндүмдөрүн, компетенцияларын калыптандыруу.

**Дисциплинанын бакалавриаттын НББПнын түзүмүндөгү орду:**

| Түрмөгү жана коду | Семестри | Эмгек сыйымдуулугу (кредит) | Баардыгы (сааттарда) | Аудиториялык иштин көлөмү (саат) | | | СӨИ | Аттестациялоо формасы |
|---|---|---|---|---|---|---|---|---|
| | | | | Дарс | Прак. сабак | Лаб иш | | |
| Б.1.3.18 | 8 | 4 | 120 | 30 | 30 | | 60 | сынак |

Дисциплинаны өздөштүрүү үчүн студенттерге жалпы билим берүүчү орто мектепте адеп предмети боюнча ээ болушкан билимдер, билгичтиктер жана көндүмдөр зарыл.

**Кыскача мазмуну:** Башталгыч класстарда балдарды туура тарбиялоо алардын келечегин аныктайт. Тарбия балдарды келечекке даярдоодогу негизги көрсөткүч болуп эсептелет. Эстетикалык тарбияны туура өздөштүрүү кеп өстүрүүдөгү бир нече маселелердин чечилишине, кептин темпин жөнгө салып, баардык ишмердүүлүктөрдө колдонулушуна, сөздүн маанилүүлүгүн жогорулатуу жөнүндөгү түшүнүктөрдү өздөштүрүүсүнө түрткү берет. Балдарды мектепте тарбиялоодо эстетикалык тарбиянын мааниси, милдеттери жана негизги түшүнүктөрү, жана даярдоо класстарында сабактарды өтүүдө колдонулуучу усулдар, ыкмалар жөнүндө түшүндүрүлөт. Ошондой эле мектепте , үйдө гигиеналык эрежелерди сактоонун усулдары жөнүндө, балдардын турмушунда режимдердин сакталышы, дене тарбиялык көнүгүүлөрдүн түрлөрү, аларды балдардын жаш өзгөчөлүктөрүнө жараша колдонулушу, түрлөрү тууралуу маалымат берилет.